# АЛИППЕ

**Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 1-классы үчүн окуу китеби**

**9-басылышы**

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*



ТАШКЕНТ — «O'ZBEKISTON» — 2013

УЎК: 372.416.2+811.512.154(075)
КБК 81.2Кир-9
Р49

**Мамлекеттик бюджеттик каражаттар эсебинен басылды. Акысыз.**

Авторлор:

**Б. РЫСБЕКОВА, С. РЫСБАЕВ, Н. АХМЕДОВА, Ш. ИСМАНОВА**

Пикир жазгандар:

***Т. Адашбаев*** — Өзбекстан Жазуучулар союзунун мүчөсү, балдар акыны;
***З. Авазова*** — Андижан областынын Коргонтөбө райондук Элге билим берүү бөлүмүнүн методисти;
***К. Исраилова*** — Ташкент областынын Бөкө районундагы 35-мектептин башталгыч класс мугалими.

## Шарттуу белгилер:


— Табышмактар

— Аталар сөзү

— Сабак аяктады

ISBN 978-9943-01-031-4


© O‘ZBEKISTON» БПЧУ, 2006, 2011, 2012, 2013


1-СЕНТЯБРЬ–ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МАЙРАМЫ!
NBU



ҚУШ
КЕЛИҢИЗДЕР



















АЛИППЕ


























































# Aa





*Аа*




















А... а ... а ...!



# Т т





Тт

ат
та
















Ат.



А-та, ат.



Ата, ат-та.

# Оо

*Оо*

та
то
ат
от

от
о-то
от-то





а
о
т



# Пп




Пп




па
по
ап
оп


тап | а-па
топ | оп-па

















Апа, топ.





ат
тат
тап

ат-та
тат-па
тап-та










# Нн





*Нн*


| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| на | нан | тан | а-на | най |
| но | он | тон | а-нан | най-за |












Ата аттан.



Апа, нан.

# Уу



Уу

ун
ут
ну
ту

тун
тут


то-пу
То-ту




а
о
у

т

н










Тоту ____ ____. Тоту ут-ту.

# Бб




Бб

| | | |
|---|---|---|
| ба | бат | ба-та |
| бо | бот | бо-то |
| бу | бут | бу-та |










На-бат

Набат, банан.

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у | |
| | |
| б | т<br>п |
| н | |
| | |




# Лл



Лл

| | | | |
|---|---|---|---|
| ла | ал | тал | ба-ла |
| ло | ол | тол | то-ло |
| лу | ул | бул | бу-ла |







а
о
у


б
т
п

н
л














— Ал-ло, У-лан.
Бул—А-пал.

бул — нан, тон, топ

ал — ат, от, бут

# Кк



*Кк*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ка | ак | кат | ка-на | кал-пак |
| ко | ок | кол | ка-бак | Ку-бан |
| ку | ук | кут | кат-та | Ку-бат |




**Ак калпак**

Бул—ак калпак.
Ал Ка-нат-ка.

а
о
у

б т
п
кы

н
л



Бул—кат.



Кубан, кат ал.

ал — кат
ал — кулун
ал — кол

к — а
к — о
к — у



## Ак улак

— Кубат, ак улак кана?

— Ак улак ана, Улан.

## Топ



— Кубат, топ кана?

— Кубат, топту тап, топту катпа.

Бул



к — а, о, у

ка

ко

ку


а, о, у — к

ак

ок

ук

# Оо



*Оо*

| | |
|---|---|
| ноо | коо |
| боо | лоо |

| | |
|---|---|
| тоо | ток |
| коон | тоок |




## Ала-Тоо

Бул—тоо. Ал—Ала-Тоо.



Улан, бул—коон.
Коон ал, Улан.


Кубан, бул—боо.
Боо ал, Кубан.



| | |
|---|---|
| а о у | оо |
| | |
| б | т п кы |
| н л | |
| | |

Бул —ток
Бул — коон
Бул — боо








Улан, ток бак.



Ал — Ку-бат
Ал — Ку-бан

Каттоо, токто.
Ал кабат.

# Ээ, е






**эт эп эн | эл эк**


**эл эт | э-не Э-ла-на**



Бул — эне.
Эне — кут.



Элана,
топту теп.



| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е) | оо |
| | |
| б | т<br>п<br>кы |
| н<br>л | |
| | |

# Ии, й





*Ии, й*


| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ил<br>ит<br>ай | ой<br>ий | тай<br>кой | ий-ле<br>бий-ле | А-бай<br>А-лина |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и | оо |
| | |
| б | т<br>п<br>кы |
| н<br>л<br>й | |
| | |









## Бий

—Алина, бий билеби?
—Ооба, Алина бийлей алат.
—Алина бийле.

а — й
о — й



—Абай, кана ай?
—Ай бийикте.

# Кк




Кк

| | | | |
|---|---|---|---|
| ки | эк | кел | бек | 
| ке | ик | кет | кек |

А-та-бек
Ти-лек








## Китеп

— Бул «Алиппе» ки-те-би-би?
— Ооба, ал — «Алиппе» китеби.
— А-та-бек, китепти ал. Оку.







Тилек, калпак кий.

| | |
|---|---|
| а о у э(е) и | оо |
| | |
| б | т п кы ки |
| н л й | |
| | |




| | |
|---|---|
| бу-лак | э-ки |
| кол | э-лик |
| та-ка | би-йик |
| кал-пак | бе-лек |


# Уу



Уу

**куу** | **луу** **уул** | **у-луу** | **У-лан**
**туу** | **нуу** **буу** | **ак куу** | **Уул-тай**







Бул — Уултай.
Ал — Улан.
Уултай улуу.
Ал окуйт.
А Улан о-ку-байт.

Улан—А-тай-бек-тин уулу.

т, б, к, л, н — уу

бул — туу-бу? ук-пу? ак куу-бу? буу-бу?

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и | оо<br>уу |
| | |
| б | т<br>п<br>кы<br>ки |
| н<br>л<br>й | |
| | |

# Сс



*Сс*

| | | | |
|---|---|---|---|
| са<br>со<br>се | сай<br>суу<br>сен | са-на<br>со-ку<br>су-па | са-бак<br>А-сан<br>А-сел |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и | оо<br>уу |
| | |
| б | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с |
| н<br>л<br>й | |
| | |












## Сабакта

Бул — Асел. Ал — Асан.
Асан, Асел — сабакта.
— Асан, сен, так э-сеп-те.
— Асел, сен так оку.

**Са-бат** | **Со-нун**
**Са-би-на** | **Се-йит**



— Сабат, сен нан кес. Элина, ай нан ал. Ай нан таттуу. Канат, сен са-бак-тан калба. Бат бас. А-бай-лап, байкап бас. Ой-но-бо.

— Ооба, апа.



Асыл, ток-то-бо!
Ас-кат-тан калба!

Со-нун
Э-ли-на — нан ал
Асел

а
э — с
и

# Үү





| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| үп | үк | үй | ү-лүл | күн |
| үн | үс | ү-кү | ү-пүп | кү-күк |
| үл | | түй | ү-түк | Сү-йүн |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү | оо<br>уу |
| | |
| б | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с |
| н<br>л<br>й | |
| | |

3







## Сүт

—Апа, бул сүт-пү?
—Ооба, Сүйүн, бул — сүт.

## Үкү



Түн. Бул — үкү.
Үкү — бу-так-та.
— «Уу... уу... уу... уу...»
— Сейил, бул — ү-кү-нүн үнү.

# Д д



*Д д*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **да** | **де** | **дан** | **ба-дал** | **Дил-де** |
| **до** | **ди** | **дон** | **буу-дай** | **Дуу-лат** |
| **ду** | **дү** | **ден** | **бе-де** | **Ай-дай** |



## Дан

Дуулат дан үйдү. Дан топ-тол-ду. Дан болсо, нан да болот. Буудай кап-та толо.

## Ай

—Дилде, Дуулат дос.

—Алар бир класста окуйт.

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү | оо<br>уу |
| | |
| д<br>б | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с |
| н<br>л<br>й | |
| | |



## Үлүл

— Дилде, токто, үлүл!
— Үлүл?
— Ооба, үлүл. Дилде, тийбе. Убал болот.




## Ак куу

Бул — ак куу.
Ак куу — суудa.
Суу тунук.

| | | |
|---|---|---|
| **уй — уй-ду** | **тоо — тоо-до** | **Э-сен-де** |
| **үй — үй-дү** | **эл — эл-де** | **Дил-де-де** |
| **ай — ай-да** | **тал — тал-да** | **Су-бан-да** |

# Рр




Рр


| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **ра** | **ар** | **кар** | **ка-ра** | **Ра-кат** |
| **ро** | **ор** | **кур** | **ку-ру** | **Рай-кул** |
| **ру** | **ур** | **кор** | **ко-роо** | **ру-баб** |
| **ре** | **эр** | **кер** | **ке-ри** | **ра-ма** |

## Ракета

Ра-ке-та са-пар ал-ды. Ал туу-ра-луу Арс-лан, Рат-бек, Рай-кул ин-тер-нет-тен бил-ди.










| | |
|---|---|
| а о у э(е) и ү | оо уу |
| | |
| д б | т п кы ки с |
| н л й р | |
| | |

# Ыы



Ыы

| | | | |
|---|---|---|---|
| **ар** | **ыр** | **ый** | **сары** |
| **ор** | **эр** | **ык** | **дары** |
| **ур** | **үр** | **ыш** | **ары** |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы | оо<br>уу |
| | |
| д<br>б | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с |
| н<br>л<br>й<br>р | |
| | |




## Тынар

Тынар, Ырыс дос. Алар, бирге ыр укту. Са-бак-ты бир-ге ат-ка-рат. Эр-те-си Ты-нар ооруп калды. Ты-нар-дын ал-ды-на Ырыс барды. Тынар ку-бан-ды.

# Т-Д

**түн-дүн** | **тал-дал**
**түк-дүк** | **тат-дат**
**тил-дил** | **так-дак**





## Түндүк

Бул — түндүк. Түндүктү Дайыр Ырысбектен алды. Ырысбек — абдан уста. Ырысбек — уук-тун да, сан-дык-тын да устасы. Уукту, түндүктү, сандыкты тоо-луктар баалайт.

ат, сат, бат, кат — ты



ал, сал, бар, кал — ды

# Чч



Чч

| | |
|---|---|
| ча | чу |
| чо | чоо |
| чу | чуу |
| чы | |

чай
чач

че-не
чу-ку

Чол-пон
Чы-на-ра







| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы | оо<br>уу |
| | |
| д<br>б | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с |
| н<br>л<br>й<br>р | ч |
| | |

## Чынара

Чынара а-та-сы-на, а-па-сы-на чай сунду. Атасы, апасы чай ичти. Чынара — Чолпон атанын, Сайкал апанын не-бе-ре-си. Ал — акылдуу, сулуу. Чолпон ата, Сайкал апа Чынарды ал-ка-ды.



| | | |
|---|---|---|
| **уч-куч** | **ач-кыч** | **Чы-нар** |
| **бий-чи** | **чай-нек** | **Чу-бак** |

## Чачтарачта



Чубак, Чолпон чач-тарачка келди. Чолпон — Чубак-тын атасы. Асыл — чач а-луу-нун устаты. Ал Чубак-тын, Чолпон атанын чачын алды. Чолпон ата ак-ча-сын берип, Асылды алкады.



Чынар, чай ич.

Чайнекте ысык чай бар.

Чынар чайды куйду.

| | |
|---|---|
| чак-жак | ай-чай |
| ач-чач | үй-Чүй |
| эч-чеч | жарык-чарык |

# а а



*а а*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| таа | саа | таар | аа-ры | а-раа |
| каа | баа | каар | баа-ры | та-лаа |
| лаа | даа | саат | са-лаа | ка-лаа |
| раа | | | | |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы | аа<br>оо<br>уу |
| | |
| д<br>б | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с |
| н<br>л<br>й<br>р | ч |
| | |



## Тоо балы

Аалы тоодо турат. Анын бал аа-ры-ла-ры бар. Бал аары бал берет. Тоонун балы ден соо-лук-ка пай-да-луу. Саадат, бал ал. Аалы бал сатат. Тоо ба-лын баары барктайт.



## Саадат

—Саадат, тур. Сабактан ке-чик-пе, —деди апасы.

—Апа, саат канча болду?

—Саат алты болду.

—Апа, —деди анда Саадат, — саат-ты артка бурап койчу.

## Сүт



Сал-та-нат апанын саан уй-ла-ры бар. Саан болсо, сүт болот.

Сүт болсо, айран болот.

# Шш



*Ш ш*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **ша** | **шы** | **ша-ты** | **шыр-дак** | **Ша-кир** |
| **шо** | **ши** | **ша-йы** | **таш-так** | **Шаб-дан** |
| **шу** | **шү** | **ша-йыр** | **кыш-так** | **Ша-ри-кан** |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы | аа<br>оо<br>уу |
| | |
| д<br>б | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с<br>ш |
| н<br>л<br>й<br>р | ч |
| | |



## Шарикан апа

Бул — Шарикан апа. Шарикан апа шырдак ойду. Аны а-йыл-даш-та-ры ардактайт.

Шарикан апа — Шай-лоо-нун, Ша-ра-пат-тын ус-та-ты.

| | | |
|---|---|---|
| **шу-ру** | **беш** | **Шү-күр** |
| **ши-ре** | **кыш** | **Ша-ри-па** |
| **ши-ше** | **туш** | **Ша-ра-пат** |



## Шуру

Шерик шуру таап алды. Шуру Ша-рапат-ты-кы болчу. Шерик шуруну Шарапатка берди. Шарапат абдан сү-йүн-дү. Шерик—акылдуу бала. Ал сабактан күн сайын беш алат.



Кардай аппак
таштай катуу.



Асты — таш, үстү — таш,
ортосунда — бышкан аш.

# Жж



*Жж*

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **жа** | **же** | **жер** | **жу-ка** | **Жа-пар** |
| **жо** | **жи** | **жол** | **жыл-кы** | **Жа-лал** |
| **жу** | **жы** | **жаш** | **жи-бек** | **Жий-де** |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы | аа<br>оо<br>уу |
| | |
| д<br>б<br>ж | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с<br>ш |
| н<br>л<br>й<br>р | ч |
| | |



## Жийде апа

Жийде апа жуур-кан жа-са-ды. Жийде апанын жуур-ка-ны жылуу болот. Ал жуур-кан-дын ичине жүн салат. Жийде апанын жуурканы жай-лоо-до жакшы.

# Ж – Ч



| жак | чак |
|---|---|
| жап | чап |
| жуу | чуу |
| жама | чама |





Жийде апа от жакты. От күйдү.



Жанар жыландан качты.



Жыпар эжей класска кирди. Колунда журнал.



Чолпонбай атты катуу чапты.

# Гг (гы)





**га**
**го**
**гу**
**гы**

**кор-гон**
**кар-чы-га**
**туу-ган**

**Га-ны**
**Нур-га-лы**
**Са-гын**

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы | аа<br>оо<br>уу |
| | |
| д<br>б<br>гы<br>ж | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с<br>ш |
| н<br>л<br>й<br>р | ч |
| | |

## Тоо суусу

Сайра сууга келди. Бул — тоо суусу. Тоо суусу — тунук. Ал шар агат. Сайра бир ча-ка-га суу алды. Ал апасына чай кай-на-тып берет. Тоо суу-су-нун ден соо-лук-ка да-ры-лы-гы да бар.



суу-га
тоо-го
тоодо-гу

бакча-га
тор-го
тордо-гу



г — а, о, у, ы

| | |
|---|---|
| а | -га |
| о | -го |
| у | -гу |
| ы | -гы |

## Токтогул

Бул — Токтогул Са-тыл-ган уулу. Ал улуу акын болгон. Токтогул элдин бак-ты-сын тилеп ыр-да-ган. Ал акын-дар-дын улуу ус-та-ты да болчу.


## Токтогулдун насааты

Эл ти-ри-лик кыл-ган-да,
Э-си-рип уктап, куру жатпа.
Иш тап-шыр-ба жал-коо-го,
Акыл айтпа чал-поо-го.




чай, бал — га


# Ээ



Ээ

| | | |
|---|---|---|
| **ээр** | **ээн** | **Жээн-бек** |
| **тээк** | **жээк** | **Жээн-бай** |
| **чээн** | **сээп** | **Жээн-кул** |

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | |
| ы | |
| | |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| | ки |
| | с |
| ж | ш |
| н | ч |
| л | |
| й | |
| р | |
| | |



## Жайлоодо

— Жээнбү, бээ саан бол-ду-бу?

— Ооба, апа, бээ саан болду.

— Жээнбек, бээлер кайда, сен бээ-лер-ди айдап кел. Жээнбү, сен бээ саа.

| | |
|---|---|
| **эр-ээр** | **эн-ээн** |
| **тек-тээк** | **жек-жээк** |
| **чен-чээн** | **сеп-сээп** |

# Өө



Өө

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **өс** | **өр** | **төп** | **өр-дөк** | **Бү-көн** |
| **өт** | **өп** | **көл** | **кө-пү-рө** | **Өр-нөк** |
| **өн** | **өч** | **көч** | **кө-лө-кө** | **Өс-көн** |



## Өрнөктүн жөжөлөрү

Өрнөктүн өр-дөк-тө-рү бар. Алар көп жөжө чы-гар-ды. Өрнөк жө-жө-лө-рүн жакшы багат. Күчүккө ал-дыр-байт. Ага Бүкөн эжеси ка-ра-ла-шат.

Өр-дөк-төр да жө-жө-лө-рү-нө абдан сак.

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы<br>ө | аа<br>оо<br>уу<br>ээ |
| | |
| д<br>б<br>гы<br><br>ж | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с<br>ш |
| н<br>л<br>й<br>р | ч |
| | |

| | | |
|---|---|---|
| **кө-күл** | **көй-нөк** | **кө-пү-рө** |
| **кө-чө** | **бө-жөк** | **кө-лө-кө** |
| **көл-дө** | **бө-бөк** | **шө-күлө** |



## Ысык-Көл


Ысык-Көл—Ала-Тоонун ажайып бир көркү. Ысык-Көлдү дүйнө эли билет. Ал сулуу жана көрктүү. Анын суусу да, абасы да ден соо-лук-ка пайдалуу.

## Тай, бөбөк



Тай, тай, тай, бөбөк,
Талпынагой, басагой.
Тай, тай, тай, бөбөк,
Таалай нурун чачагой.
Ала-Тоодой бийик бол,
Ысык-Көлдөй тунук бол!

# Зз



Зз

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **за** | **аз** | **ко-зу** | **боз** | **За-кир** |
| **зо** | **оз** | **кө-зү** | **кооз** | **Зуу-ра** |
| **зу** | **уз** | **ко-роз** | **кийиз** | **За-ри-па** |



| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы | аа<br>оо<br>уу<br>ээ |
| | |
| д<br>б<br>гы<br><br>з<br>ж | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с<br>ш |
| н<br>л<br>й<br>р | ч |
| | |

## Боз үй

Бул—боз үй. Боз үй—кыр-гыз-дын улуттук үйү. Анын жа-сал-га-сы абдан кооз. Боз үйдү Зуура апа кооз-доп тикти. Боз үйдүн кийи-зин Зарипа апа жасады. Түндүк, уук-та-рын Зайыр уста жа-са-ды.

# Мм



Мм

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы<br>ө | аа<br>оо<br>уу<br>ээ |
| | |
| д<br>б<br>гы<br><br>з<br>ж | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с<br>ш |
| н<br>л<br>й<br>р | ч |
| | |


**ма**
**му**
**ми**
**ме**

| | | |
|---|---|---|
| **май** | **ка-маз** | **Ма-нас** |
| **муз** | **се-миз** | **Ме-лис** |
| **мен** | **ко-муз** | **Май-рам** |

## Манастын күмбөзү

Манас — кыргыз элинин баа-ты-ры болгон. Эл-дер-дин дос-ту-гун, тынч-ты-гын сак-таган.

Таласта Манастын күм-бө-зү, Кароол дө-бө-сү бар.



## Аталар сөзү:

Кыр-гыз-ды Манас кор-го-гон,
Ма-нас-ты кыр-гыз кол-до-гон.

| | | |
|---|---|---|
| **жүз** | **те-ре-зе** | **ме-кен** |
| **кыз** | **мы-шык** | **Ман-сур** |
| **таза** | **жү-зүм** | **Мер-ген** |



## Кыргыз комузу

Комуз — кыргыз элинин му-зы-ка-лык баалуу ас-па-бы. Ал алма, эмен жана өрүк жы-га-чы-нан чабылат. Баа-ры-нан өрүк комуз мыкты болот.

Ко-муз-суз кыр-гыз-дын эч бир майрамы, тойлору өтпөйт.

Назира, жүзүм же,
Жүзүм кир, жууп же.



### Аталар сөзү:

Комузду сүйбөгөн кыргыз — кыргыз эмес.

# Ң



Ңң

| | | | |
|---|---|---|---|
| **аң** | **таң** | **жа-ңы** | **же-ңиш** |
| **оң** | **тоң** | **таң-гак** | **ко-ңуз** |
| **эң** | **тең** | **Жа-ңыл** | **коң-гу-роо** |
| **өң** | | | |



| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | |
| ы | |
| ө | |
| | |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| н | ч |
| л | |
| й | |
| р | |
| ң | |
| | |

## Жаңгак — бул казына

Же-ри-биз-де көп дарактар өсөт. Алардын бири — жаңгак дарагы. Анын ма-ңы-зын-да пайдалуу заттар бар. Жаң-гак-ты ка-зы-на дешет.

жаңы — күн, жыл

чоң — эне, ата

Буту бар, башы бар,
Үстүндө ташы бар.





— Ассалоому алейкум!
— Алейкум ассалоом!
— Майрамың куттуу болсун!
— Майрам баа-ры-быз-га тең болсун!

## Нооруз майрамы

Нооруз — байыркы элдик майрам. Нооруз жазында май-рам-да-лат.


Нооруз жаңы күндү түшүндүрөт жана жаздын келишин билдирет. Бул күнү бардык адамдар жаңы жылды то-су-шат. Бирин-бири:

— Жаңы жылың менен! — деп кут-тук-та-шат.

**Аталар сөзү:**

Саламдашпай, сөз баштаба.

# Гг (ги)





ге
ги
гү
гө

| | | |
|---|---|---|
| э-гиз | се-гиз | жер-ге |
| күз-гү | сүз-гүч | күй-гүз |
| төл-гө | чө-бө-гө | көл-гө |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы<br>ө | аа<br>оо<br>уу<br>ээ |
| | |
| д<br>б<br>гы<br>ги<br>з<br>ж | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с<br>ш |
| н<br>л<br>й<br>р<br>м<br>ң | ч |
| | |



## Көгүчкөн менен короз

Кө-гүч-көн үйдүн жанына ке-лип конду. Сагын ага жем чачты. Аны көрүп, су-га-лак короз да келди. Бирок, Сагын ага жем берген жок.

— Эй, көгүчкөн, — деди короз ичи тарып, — сени адамдар эмне үчүн жакшы көрүшөт?

— Биз эч ким менен, эч качан у-рушпай-быз. Ошол үчүн ..., — деди ага көгүчкөн.

**Аталар сөзү:**

Колуң менен бирди,
Акылың менен миңди же-ңесиң.

| | |
|---|---|
| **кар-га** | **ке-ре-ге** |
| **кыр-гоол** | **те-гиз** |
| **суз-гу** | **кө-гөн** |
| **Чың-гыз** | **Жаз-гүл** |

## Жакшы бала



Му-га-лим балдарга мындай деп айтты:

— Балдар, Чыңгыз кандай жакшы бала. Таза жүрөт, сабагын кал-тыр-байт. Кийимин да кирдет-пейт.

## Балага эмне кымбат?



— Балага баа-ры-нан эмне кымбат, балдар?

— Ата-эне.

— Азамат! Аны си-лер-ге ким айтты?

— Назгүл эжейибиз.

# Үү

Үү

| | | | |
|---|---|---|---|
| дүү<br>лүү<br>түү | түр-дүү<br>гүл-дүү<br>иш-түү | үл-гү-лүү<br>күл-кү-лүү<br>сү-рөт-түү | кө-ңүл-дүү<br>ө-мүр-лүү<br>көрк-түү |

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | |
| | |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| н | ч |
| л | |
| й | |
| р | |
| м | |
| ң | |
| | |




## Эгемендүү Өзбекстан

Биз Өз-бек-стан-да жа-шай-быз. Өзбекстан—биздин ме-ке-ни-биз. Биздин Өз-бекстанда түрдүү улуттар бар. Алар бири-бири менен ын-ты-мак-та жа-ша-шат.

### Аталар сөзү:

Өз элин сыйлабаган адам,
өзгө элден да сый көрбөйт.

# Өө



*Өө*

| | |
|---|---|
| төө | мөө |
| жөө | чөө |
| көө | бөө |

| | |
|---|---|
| ө-гөө | сөөл-жан |
| ө-рөөн | көө-көр |
| мөө-рө | төө-нө-гүч |



## Зоопаркта

Биз бүгүн Муса, Жа-ны-бек, Жу-ма-бек—төртөөбүз зоо-парк-ка бардык. Андан ка-рыш-кыр, түлкү, маймыл жана төөнү көрдүк. Төөлөр мурда айылда ба-гыл-чу. Азыр чар-ба-да төөлөр аз. А-лар-ды көбөйтүү, сактоо керек.

### Аталар сөзү:

Малдан жарды болсоң—бол,
Акылдан жарды болбо.

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| | |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| н | ч |
| л | |
| й | |
| р | |
| м | |
| ң | |

| | | |
|---|---|---|
| **би-рөө** | **төр-төө** | **бе-рүү** |
| **э-көө** | **бе-шөө** | **ке-лүү** |
| **ү-чөө** | **же-төө** | **кө-рүү** |



## Көңүлдүү эс алуу

Сапар, Сатар экөө сөөлжан ка-зыш-ты. Анан алар ба-лык-ка ба-рыш-ты. Сапар төрт балык кар-ма-ды. Сатар же-төө-нү кармады. Экөө көңүл-дүү эс алышты.

## Чиркей менен төө

Эки балбан ти-ре-шип,
Эми кирди кү-рө-шүп...
Чиркей буттан чал-ган-да,
Төө жы-гы-лып калганда...
Эл кый-кыр-ды «мыкты» деп,
Чиркей төөнү жыкты деп.

# Хх



*Хх*

| | | | |
|---|---|---|---|
| **ха** | **бах** | **пах-та** | **па-ра-ход** |
| **хе** | **төх** | **шах-мат** | **Ха-ли-ма** |
| **хо** | **хор** | **ха-лат** | **Ха-мит-бек** |



## Ханзада

Пах-та-дан жип ийрилет. Ийрилген жиптен ар түрдүү кез-де-ме-лер токулат. Кездемеден кийимдер тигилет. Халима апа кыздары Ханзада менен Мухабатка халат тигип берди.

### Аталар сөзү:

Эр эмгегин эл жебейт,
Эл эмгегин жер жебейт.

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| | |
| д | т |
| б | п |
| ги | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| н | ч |
| л | х |
| й | |
| р | |
| м | |
| ң | |

# Юю (йу)



Юю

**о-юу** | **то-ют** | **Ю-нус**
**аюу** | **ку-юн** | **Ю-суп**





| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| ю | |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| н | ч |
| л | х |
| й | |
| р | |
| м | |
| ң | |

## Улуттук оюндар

Кыргыздын у-лут-тук о-юн-да-ры-нын түрү көп. Алар — «Көк бөрү», «Ат чабыш», «Кыз куумай». Бул оюндарды балбан, шам-да-гай жи-гит-тер, кыздар ойношот. Кыргыздын тойлору бул оюн-дарсыз өтпөйт. Бул оюндар ба-йыртадан бери салтка айланган.



# Яя (йа)



*Я я*

| | | | |
|---|---|---|---|
| **ая** | **тая** | **а-як** | **кы-як** |
| **уя** | **жая** | **ту-як** | **ку-ят** |
| **уят** | **бая** | **ма-як** | **ту-ят** |



**Уя**

Иляз менен Кыяз куш-тар-га уя жасашты. Ууяны даракка ка-гып коюшту. Куштар уяга ба-ла-пан ачышат.

Ка-нат-туу-лар зы-ян-дуу курт-ку-мурс-ка-лар-ды терип жешет. О-шон-дук-тан аларды кор-го-гу-ла.

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| ю | я |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| н | ч |
| л | х |
| й | |
| р | |
| м | |
| ң | |

# Ее Ёё



| | | |
|---|---|---|
| **чие** | **ко-ён** | **ко-ёт** |
| **ке-се** | **бо-ёк** | **чо-ёт** |

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| ю | я |
| е | ё |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| н | ч |
| л | х |
| й | |
| р | |
| м | |
| ң | |



## Кичинекей сүрөтчү

Эртең сүрөт сабагы болот. Касым кагаз, калем жана боёкторун даярдады. Анан коёндун сүрөтүн тартты. Коёнду күрөң менен боёду. Касымды класссташтары «кичинекей сүрөтчү» деп макташты.

## Аталар сөзү:

Өнөр өргө жетелейт.


Балалык — бардык өнөрдүн башаты.

# Вв



*Вв*

| | | | |
|---|---|---|---|
| **ва** | **ва-за** | **ав-то-мат** | **Ве-не-ра** |
| **во** | **ва-гон** | **ав-то-бус** | **Ва-си-ла** |
| **ву** | | | |
| **ви** | | | |



## Паровоз

Күш, күш, паровоз,
Күк, күк, паровоз,
Вагондордун баары дос.
Тарткан канча жүгүң бар,
Канча жүктүк күчүң бар,
Качан сени билемин,
Качан сени минемин?

А. Токомбаев

## Аялдамада

Венера а-ял-да-ма-да автобус күтүп ол-тур-ган эле. Ал Аваз атаны көрүп, ордунан турду.

— Келиңиз, Аваз ата, ол-ту-ру-ңуз, — деди Венера.

— Аман бол, балам, — деди Аваз ата.

| | |
|---|---|
| | аа |
| | оо |
| | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| ю | я |
| е | ё |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| в | |
| н | ч |
| л | х |
| й | |
| р | |
| м | |
| ң | |
| | |

# Щщ



Щ щ

**ща**
**щи**
**ще**
**щү**

**щёт-ка** | **борщ**
**плащ** | **ящик**

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| ю | я |
| е | ё |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| в | |
| н | ч |
| л | х |
| й | щ |
| р | |
| м | |
| ң | |

## Таза жүрүү пайдалуу

Бө-бөк-төр, эринчээк бол-бо-гу-ла. Эринчээктик жаман адат.
Андык-тан, ар ким боюн тыкан алып жүрүшү керек. Тишти дайыма тиш щётка менен тазалоо керек.
Таза жүрүү пай-далуу. Мындан, щётка бизге эң ке-рек-түү буюм. Чаң жукса же кир болсо, кийимди щёткалап тазалап ал. Адептүү жүрүү, сылык болуу кандай зарыл болсо, таза жү-рүү да абдан керек.

### Аталар сөзү:

Адептүүлүк — адамдын көркү.

# Цц



Цц

| | |
|---|---|
| **цех** | **цент-нер** |
| **цирк** | **цир-куль** |
| **мо-то-цикл** | |
| **це-мент** | |




## Цирк

Биз циркке бардык. Циркте ат оюну болду. Шам-да-гай жи-гит-тер ат үс-түн-дө өз ө-нөр-лө-рүн көр-сө-түш-тү. Аларды ча-бан-дес-тер деп аташат. Мыкты үй-рө-түл-гөн аттар музыка менен бий-ле-шет. Циркте аюу да тамаша көр-сөттү. Аюу мо-то-цикл айдап бар-ды-гын таң кал-тыр-ды. Цирк оюну кы-зык-туу болду.

Биз чоң ку-ба-ныч менен үйгө кайттык.

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| ю | я |
| е | ё |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| в | |
| н | ч |
| л | х |
| й | щ |
| р | ц |
| м | |
| ң | |

# Фф



*Фф*

**фа**
**фо**
**фу**
**фе**

| **фон-тан** | **фаб-ри-ка** | **Фа-ри-да** |
|---|---|---|
| **фер-мер** | **ал-фа-вит** | **Фе-ру-за** |

| | |
|---|---|
| а<br>о<br>у<br>э(е)<br>и<br>ү<br>ы<br>ө | аа<br>оо<br>уу<br>ээ<br><br>үү<br><br>өө |
| ю<br>е | я<br>ё |
| д<br>б<br>гы<br>ги<br>з<br>ж<br>в | т<br>п<br>кы<br>ки<br>с<br>ш<br>ф |
| н<br>л<br>й<br>р<br>м<br>ң | ч<br>х<br>щ<br>ц |



## Фонтан

Ташкент шаа-рын-да фон-тан-дар көп. Анын тү-түк-тө-рү катар ти-зи-лип, сууну көккө бүркөшөт. Суу шуулдап, бийик а-ты-ры-лат. Кайра күкүмдөй чачырап, жам-гыр болуп жерге түшөт. Ошол кезде күндүн нуру чагылса, түр-күн түстөгү күн желеси көрүнөт. Бул кандай гана кооз!

Суюк, супсак, канча ичсең да тойбойт курсак.

# Ь ь    Ъ ъ

**ме-даль**
**паль-то**
**аль-бом**

**разъ-езд**
**подъ-езд**
**объ-ект**



## Ичкертүү белгиси

Бүгүн майрам, улуу күн,
Чоң атам абдан кө-ңүл-дүү.
Чечип илсем пальтосун,
Көп медаль жарк деп кө-
рүн-дү.
Альбомдо эмес, тур-муш-та
Аталар болсун ө-мүр-лүү!

### Аталар сөзү:

Жашыңда билим ал,
Жетилгенде иштеп кал.

Аганы көрүп ини өсөт,
Эжени көрүп синди өсөт.

| | |
|---|---|
| а | аа |
| о | оо |
| у | уу |
| э(е) | ээ |
| и | |
| ү | үү |
| ы | |
| ө | өө |
| ю | я |
| е | ё |
| д | т |
| б | п |
| гы | кы |
| ги | ки |
| з | с |
| ж | ш |
| в | ф |
| н | ч |
| л | х |
| й | щ |
| р | ц |
| м | |
| ң | |
| ь | ъ |

# Алфавит

| | | | |
|---|---|---|---|
| Аа | Бб | Вв | Гг |
| Дд | Ее | Ёё | Жж |
| Зз | Ии | Йй | Кк |
| Лл | Мм | Нн | ң |
| Оо | Өө | Пп | Рр |
| Сс | Тт | Уу | Үү |
| Фф | Хх | Цц | Чч |
| Шш | Щщ | ь | Ыы |
| ъ | Ээ | Юю | Яя |

аа оо уу өө ээ үү

# Кош, «Алиппе»



Орундатып тилекти,
Окуп бүттүм «Алиппени».
Таанып-билип алдым мен,
Тамгаларды жалпы эми.



Эми бардык тамганы,
Эжелебей, такалбай,
Эркин окуй аламын,
Шатыратып, атамдай.



Ойлойм, өсөт акылым,
Окуй берсем күндө эле.
Китеп менен дос болуп,
Кирем кызык дүйнөгө.



К. Жунушев






# ЖАҢЫ ЖЫЛЫҢАР МЕНЕН!



Сүрөткө карап, майрам жөнүндө айтып бергиле.

Көзү жок, колу жок
Терезеге сайма саят.

# ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУУ ҮЧҮН



## Өзбекстан — биздин Ата Мекенибиз

Ар кимибиздин туулуп-өскөн жерибиз бар. Ал жер—биз үчүн ыйык. Башка кандай кооз жерди көрсөк да, баары бир өзүбүз туулуп-өскөн жер ажайып, кооз көрүнөт. Ага ар дайым тартылып турабыз. Анткени, ал жер—биздин алтын уябыз.

Бирок, биз ошол туулган айылыбыз менен гана чектелбешибиз керек. Антпесек, биз өз сазында чардаган бакадан айырмабыз болбой калат. Ошол үчүн биз Ата Мекенибиз — Өзбекстанды сүйүүбүз зарыл.

**Аталар сөзү:**

Ата Мекен — алтын уя.

## Алма




Үйүбүздүн жанында
Төрт түп алма багында.
Бышкан кезде жытын айт,
Тарайт биздин айылга.

## Өрүк



Өрүк баккан эп экен,
Витамини көп экен.
Айтканындай апамдын
Бал каймакка тең экен.

## Алмурут



Бышканында какпагын,
Уу дарыдан чачпагын.
Алмурутка курт түшпөйт,
Анысын бир тактагын.

## Алча



Эрте бышкан бул жемиш
Гүл-дө-гө-нү тептегиз.
Ку-бан-ды-рат өзүңдү
Эгер болсо — жер семиз.

## Шабдаалы



Кары адамдын дарысы,
Шабдаалынын баарысы.
Пайда болот денеде,
Клетканын жаңысы.

## Жүзүм



Жүрө бербей жүзүм бак,
Жүзүмү көп биздин жак.
Жазда, күздө ийилип,
Жадырасын жүзүм шак.




## Аюунун ыры

Кышы бою уктаймын,
Чээнден түк чыкпаймын.
Карагайлуу токойду,
Турак кылып кыштаймын.

Аары уюгун табамын,
Балына кол саламын.
Ошол үчүн мен кээде,
Азап көрүп каламын.

А. Кыдыров



## Көпөлөк

Кон-кон, көпөлөк,
Алыс учпа көкөлөп.
Кел, ойнойлу, шашпагын,
Эл жайлоого көчөлек.

# Мектепте
# балдар тартиби

Абыл окуган мектепте тартип жок эле. Сабак маалында балдар тарсылдап ойной беручу. Балдар бирин-бири жаман сөз менен тилдөөдөн да кайтчу эмес.

— Балдар, мектепте тартипти өзүңөр түзөгүлө эми, — деп бир күнү мугалим айтты.

Балдар тартип түзөмөк болушуп, өз ара жыйын кылышты.

Балдардын бир катары сүйлөп бүткөн соң, мындай токтом чыкты:

Кимде-ким сабак убактысында чуулдап, тынчтыкты кетирсе, жаман сөз менен бирөөнү бирөө тилдесе, ошол баланы жолдошубуз деп санабайбыз, ал бала менен бирге ойнобойбуз.

Бул токтомдон кийин мектепте окуу жакшы жүрдү. Мектеп тартибин балдар өзү гана түзөй алат.

К. Тыныстанов

## Балдарга насыят

Каяша сүйлөп, сөз кайрып,
Турбагыла балдар ай.
Шоктук кылып бирөөнү
Урбагыла, балдар ай.

Бирдин көөнүн оорутуп,
Кетпегиле, балдар ай.
Түбү кандай болорун,
Эстегиле, балдар ай.

Барпы

## Эртең менен

Келгиле, эрте туралык,
Бетти-колду жууалык.
Аппак болуп алалык,
Аянтчага баралык.

Кийимди кир кылбайлык,
Булганыч жерге жылбайлык.
Оюнчукту ойнойлук,
Болочокту ойлойлук.

А. Токомбаев

## Ал китепке дос эмес

Ким китепти кирдетсе,
Китептин баркын билбесе,
Жулуп алып барагын,
Орой салса бир нерсе,
Ал — китепке дос эмес.

Ким китепти сүйбөсө,
Кадырына күйбөсө,
Чылым ороп, шарт айрып,
Калжаң-кулжаң сүйлөсө,
Ал — китепке дос эмес.

Бардыгынан ким жаман?
Китеп жырткан шум жаман.
Китеп сүйгөн балдардан
Наалат алсын ал адам!
Жыртса, тытса, билгиле,
Ал — китепке дос эмес!

А. Осмонов





## Тап, тап табышмак



Коңгуроосу шыңгырайт,
Кулагыңа шыбырайт.
Сен сүйлөсөң жооп айтат,
Бул эмне? Билсең айт.



Топтоголок бою бар,
Кабат-кабат тону бар.
Чечип жатсам көйнөгүн,
Ыйлап иет көздөрүм.



Табиятта укмуш көп,
Бул да ошонун дал өзү.
Күндүз көрбөй, түнкүсүн
Көрөт экен ал өзү.



Өзү кардай,
Даамы балдай.
Тишке жумшак,
Бирок муздак.

## Макал-ылакаптар

Кекчил болбо, эпчил бол.

*

Сөз жүрөктүн ачкычы.

*

Кыздуу үйдө кыл жатпайт.

*

Өнөрүң болсо, өргө чап.

*

Күчтүү — күчтүү эмес,
Өнөрлүү — күчтүү.

*

От менен ойносоң, күйөсүң,
Суу менен ойносоң, чөгөсүң.

*

Энеңди сыйласаң, эмгегин баала,
Атаңды сыйласаң, акылын ук.

*

Билимди сатып албайт, казып алат.

*

Сен деген — сенек сөз.
Сиз деген — сылык сөз.

Р49 **Алиппе:** Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 1-классы үчүн окуу китеби. Б. Рысбекова, С. Рысбаев, Н. Ахмедова, Ш. Исманова. — Т: «O‘zbekiston», 2013. — 80 бет.

ISBN 978-9943-01-031-4

**УЎК: 372.416.2+811.512.154(075)**
**КБК 81.2 Кир-9**

*O‘quv nashri*

**Burul Risbekova,**
**Sulayman Risbayev,**
**Nazira Ahmedova,**
**Shoxsanam Ismanova**

# ALIFBE

**Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining**
**1-sinfi uchun darslik**

*(Qirg‘iz tilida)*

To‘qqizinchi nashri

Редактору *Р. Жуманазарова*
Сүрөтчүсү *В. Лебедев*
Көркөм редактору *Р. Зуфаров*
Техн. редактору *Т. Харитонова*
Компьютерде даярдаган *К. Голдобина*

Басма лицензиясы AI №158.14.08.09.
2013-жылы 20-майда басууга уруксат этилди.
Форматы $62\times84^{1}/_{8}$. Офсеттик кагаз.
Арип түрү «Прагматика». Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 9,6. Учёттук басма табагы 10,15.
Нускасы 933. Келишим №2946.

«SHARQ» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын
басмаканасында басылды. 100000. Ташкент шаары,
Буюк Турон көчөсү, 41.